КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
САЙДЫКУМ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САЙДЫКУМСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ
ПОСТАНОВЛЕНИЕ

Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы
№4

03-август 2026-жыл **Кызыл-Ай айылы**

Сайдыкум айыл аймагынын Аркалык айылындагы мечиттин жер тилкесинен жабык түрдөгү волейбол аянтчасынын имараты үчүн жер тилкесин ажыратып берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-марты №37 2024-жылдын 29-июлундагы №152 мыйзамдарынын редакцияларына ылайык, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын Жобосунун 1-беренесине негиз, Сайдыкум айыл өкмөтүнүн Аркалык айылындагы мечиттин 3-02-05-1003-0070 сыр белгиси менен катталган жалпы аянты 1898,0 чарчы метр болгон жер тилкесинин ичинен 1000,0 чарчы метр жер тилкесин бөлүп, мамлекеттик акт алуу маселеси жөнүндөгү Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д.Матисаковдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Сайдыкум айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сайдыкум айыл аймагынын Аркалык айылындагы 3-02-05-1003-0070 сыр белгиси менен катталган муниципалдык менчиктеги жалпы аянты 1898,0 чарчы метр жер тилкесинин ичинен 1000,0 чарчы метр жер тилкесин бөлүп, жабык түрдөгү волейбол аянтчасынын имараты үчүн мыйзамдаштырылып берилсин.

2. Бөлүнгөн 1000,0 чарчы метр муниципалдык жер аянтын жабык түрдөгү волейбол аянтчасынын имараты үчүн мыйзамдаштырып, мамлекеттик каттоодон өткөрүү жана мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) мамлекеттик акт алуу жагы, Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д.Матисаковго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сайдыкум айылдык Кеңешинин өнөр-жай, курулуш, транспорт, агрардык жана азык-түлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Б.А. Анарбаев**